**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН**

**КӨЗӨМӨЛ БОЮНЧА КОМИТЕТИНИН ТОКТОМУНАН**

**КӨЧҮРМӨ**

---

Бишкек ш. 2019-жылдын 28-мартындагы № 10/1

«Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөл боюнча комитетинин 2016-жылдын 9-июнундагы № 24/1 «Микрофинансылык компаниялардын, микрокредиттик компаниялардын/микрокредиттик агенттиктердин жана кредиттик союздардын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчетунун формаларын толтуруу боюнча усулдук көрсөтмөлөрдү бекитүү жөнүндө» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө»

Улуттук банк Башкармасынын 2005-жылдын 19-мартындагы № 6/2 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөл боюнча комитети жөнүндө» жобонун 2.4-пунктуна таянуу менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөл боюнча комитети токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөл боюнча комитетинин 2016-жылдын 9-июнундагы № 24/1 «Микрофинансылык компаниялардын, микрокредиттик компаниялардын/микрокредиттик агенттиктердин жана кредиттик союздардын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчетунун формаларын толтуруу боюнча усулдук көрсөтмөлөрдү бекитүү жөнүндө» токтомуна өзгөртүүлөр киргизилсин (кошо тиркелет).

2. Бул токтом кабыл алынган күндөн тартып күчүнө кирет.

Көзөмөл боюнча комитеттин катчысы: Ж. Аралова

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөл боюнча комитетинин 2019-жылдын 28-мартындагы №10/1 токтомуна тиркеме

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөл боюнча комитетинин 2016-жылдын 9-июнундагы № 24/1 «Микрофинансылык компаниялардын, микрокредиттик компаниялардын/микрокредиттик агенттиктердин жана кредиттик союздардын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчетунун формаларын толтуруу боюнча усулдук көрсөтмөлөрдү бекитүү жөнүндө» токтомуна өзгөртүүлөр

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөл боюнча комитетинин 2016-жылдын 9-июнундагы № 24/1 «Микрофинансылык компаниялардын, микрокредиттик компаниялардын/микрокредиттик агенттиктердин жана кредиттик союздардын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчетунун формаларын толтуруу боюнча усулдук көрсөтмөлөрдү бекитүү жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1. Жогоруда аталган токтом менен бекитилген Микрофинансылык компаниялардын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчетун толтуруу боюнча усулдук көрсөтмөлөрдүн:

1) 3-пункту төмөндөгү редакцияда берилсин:

«3. МФКнын Байкоочу органы (Директорлор кеңеши) тууралуу маалымат төмөндөгү маалыматты камтууга тийиш:

- байкоочу органдын мүчөсүнүн аты-жөнү;
- байкоочу органдын мүчөсүнүн шайланган датасы (күнү);
- байкоочу органдын мүчөсүнүн талапкерлигин Улуттук банк тарабынан макулдашылган датасы (күнү) (Көзөмөл боюнча комитетинин чечими/ макулдук кат);
- байкоочу органдын мүчөсүнүн иштеген жери;
- МФКнын байкоочу органынын мүчөсүнүн ээлеген кызматы (байкоочу органдын төрагасы, төрагасынын орун басары, мүчөсү);
- байкоочу органдын мүчөсүнүн иш телефонунун номери (шаардын/калктуу конуштун коду менен), уюлдук телефонунун номери (оператордун коду менен);
- МФКнын уставдык капиталындагы байкоочу органдын мүчөсүнүн үлүшү / байкоочу органдын мүчөсүнүн башка банктык эмес финансы-кредиттик уюмдарынын акцисына ээ болгон үлүшү;
- байкоочу органдын мүчөсүнүн башка компаниялардын уставдык капиталындагы үлүшү / Байкоочу органдын мүчөсүнүн башка компанияларга ээ болгон үлүшү, компаниялардын аталышын көрсөтүү менен;
- байкоочу органдын мүчөсүнүн башка компаниялардын капиталына кирген датасы (күнү) / байкоочу органдын мүчөсүнүн башка компаниялардын акцияларынын үлүшүн сатып алган датасы (күнү);
- байкоочу органдын мүчөсүнүн кол тамгасынын үлгүсү (отчеттун кагаз түрүндө)»;

2) 4-пункт төмөндөгү редакцияда берилсин:

«4. МФКнын Аткаруу органы (Башкарма) тууралуу маалымат төмөндөгү маалыматты камтууга тийиш:

- аткаруу органдын мүчөсүнүн аты-жөнү;
- аткаруу органдын мүчөсүнүн шайланган датасы (күнү);
- аткаруу органдын мүчөсүнүн талапкерлигин Улуттук банк тарабынан макулдашылган датасы (күнү) (Көзөмөл боюнча комитетинин чечими/ макулдук кат);

- аткаруу органдын мүчөсүнүн иштеген жери;

- МФКнын аткаруу органынын мүчөсүнүн ээлеген кызматы (аткаруу органдын төрагасы, төрагасынын орун басары, мүчөсү);

- аткаруу органдын мүчөсүнүн иш телефонунун номери (шаардын/калктуу конуштун коду менен), уюлдук телефонунун номери (оператордун коду менен);

- аткаруу органдын мүчөсүнүн башка компанияларда ээлеген кызматы, компаниялардын аталышын көрсөтүү менен;

- МФКнын уставдык капиталындагы аткаруу органдын мүчөсүнүн үлүшү / аткаруу органдын мүчөсүнүн башка банктык эмес финансы-кредиттик уюмдарынын акциясына ээ болгон үлүшү;

- аткаруу органдын мүчөсүнүн башка компаниялардын уставдык капиталындагы үлүшү / аткаруу органдын мүчөсүнүн башка компанияларга ээ болгон үлүшү, компаниялардын аталышын белгилөө менен;

- аткаруу органдын мүчөсүнүн башка компаниялардын капиталына кирген датасы (күнү) / аткаруу органдын мүчөсүнүн башка компаниялардын акцияларынын үлүшүн сатып алган датасы (күнү);

- ыйгарым укуктардын бөлүштүрүүсү (көзөмөлдөгөн чөйрө);

- аткаруу органдын мүчөсүнүн кол тамгасынын үлгүсү (отчеттун кагаз түрүндө)»;

3) 5-пункт төмөндөгү редакцияда берилсин:

«5. МФКнын 1%дан көп акцияларына ээ болгон акционерлер тууралуу маалымат төмөндөгү маалыматты камтууга тийиш:

- акционердин аты-жөнү / аталышы (юридикалык жак – акционерлер үчүн);

- ар бир акционердин үлүшү пайыздык катышта;

- акцияларды сатып алган датасы (күнү);

- акционердин келип чыккан өлкөсү (юридикалык жактар үчүн каттодон өткөн өлкөсү);

- акционердин иштеген жери / юридикалык адреси (юридикалык жак – акционерлер үчүн);

- акционердин иштеген чөйрөсү (башка компанияларда ээлеген кызматы);

- акционердин иш телефонунун номери (шаардын/калктуу конуштун коду менен), уюлдук телефонунун номери (оператордун коду менен);

- башка финансы-кредиттик уюмдардагы акциялары (жергиликтүү же чет өлкөлүк финансы-кредиттик уюм жана ээ болгон үлүшү);

- акыркы бенефициар;

- акционердин жана юридикалык жак – акционердин жетекчисинин кол тамгасынын үлгүсү (отчеттун кагаз түрүндө).

Эскертүү: Бул маалымат жылдык отчетто, же чейрек ичинде өзгөрүүлөр болгон учурда чейректик отчетто тапшырылат»;

4) 5-1.-пункт төмөндөгү редакцияда берилсин:

«5-1. МФКнын Шариат кеңешинин мүчөсү тууралуу маалыматта төмөндөгү маалымат болууга тийиш:

- Шариат кеңешинин мүчөсүнүн аты-жөнү;

- Шариат кеңешинин мүчөсүнүн шайланган датасы (күнү);

- Шариат кеңешинин мүчөсүнүн талапкерлигин Улуттук банк тарабынан макулдашылган датасы (күнү) (Көзөмөл боюнча комитетинин чечими / макулдук кат);

- Шариат кеңешинин мүчөсүнүн иштеген жери;

- МФКнын Шариат кеңешинин мүчөсүнүн ээлеген кызматы (Шариат кеңешинин төрагасы, төрагасынын орун басары, мүчөсү);

- Шариат кеңешинин мүчөсүнүн иш телефонунун номери (шаардын/калктуу конуштун коду менен), уюлдук телефонунун номери (оператордун коду менен);

- Шариат кеңешинин мүчөсүнүн башка компанияларда ээлеген кызматы, компаниялардын аталышы;

- МФКнын уставдык капиталындагы Шариат кеңешинин мүчөсүнүн үлүшү / Шариат кеңешинин мүчөсүнүн башка банктык эмес финансы-кредиттик уюмдарынын акциясына ээ болгон үлүшү;

- Шариат кеңешинин мүчөсүнүн башка компаниялардын уставдык капиталындагы үлүшү / Шариат кеңешинин мүчөсүнүн башка компаниялардын акцияларына ээ болгон үлүшү, компаниялардын аталышын көрсөтүү менен;

- Шариат кеңешинин мүчөсүнүн башка компаниялардын капиталына кирген датасы (күнү) / Шариат кеңешинин мүчөсүнүн башка компаниялардын акцияларынын үлүшүн сатып алган датасы (күнү);

- Шариат кеңешинин мүчөсүнүн кол тамгасынын үлгүсү (отчеттун кагаз түрүндө).»;

5) 6-пункт төмөндөгү редакцияда баяндалсын:

«6. МФКнын айрым кызмат адамдары жөнүндө маалыматтар жылдык отчетто же өзгөргөн учурда берилет жана МФКнын төмөнкү кызмат адамдарынын (аларга теңдештирилген адамдардын) тизмесин камтыйт:

- башкы бухгалтер;
- ликвиддүүлүктү башкаруу үчүн жооптуу кызмат адамы;
- МФКнын бюджети үчүн жооптуу кызмат адамы;
- МФКнын кредиттик ишмердүүлүгү үчүн жооптуу кызмат адамы;
- Аудит боюнча комитеттин төрагасы;
- ички аудит бөлүмүнүн/кызматынын жетекчиси;
- тобокелчиликтер менеджери;
- комплаенс-офицер;
- активдерди жана пассивдерди башкаруу үчүн жооптуу түзүмдүк бөлүнүштүн жетекчиси (же өзүнүн кызматтык милдеттери боюнча ага теңдештирилген адам);
- ислам принциптери боюнча каржылоо үчүн жооптуу түзүмдүк бөлүнүштүн жетекчиси;
- «ислам терезесинин» жетекчиси.

Ушул пункттун үчүнчү-бешинчи абзацтарында көрсөтүлгөн кызмат адамдары МФКнын жетекчилигинин атынан чыгууга жана бүткүл МФКнын масштабында көрсөтүлгөн багыттар боюнча жүргүзүлүп жаткан саясат үчүн жооп берүүгө тийиш.»;

6) 7-пункт төмөндөгү редакцияда баяндалсын:

«7. Ар бир кызмат адамы боюнча төмөнкү маалыматтар камтылууга тийиш:

- кызмат адамынын аты-жөнү;
- талапкерлиги Улуттук банк тарабынан милдеттүү түрдө макулдашууга тийиштүү кызмат адамдары үчүн Улуттук банк тарабынан макулдашылган датасы (күнү) (Көзөмөл боюнча комитеттин чечими / макулдук кат);
- кызмат адамына отчет берүүчү кызматкерлердин саны;
- кызмат адамынын иш телефонунун номери (шаардын/калктуу конуштун коду менен), уюлдук телефонунун номери (оператордун коду менен);
- кызмат адамынын кол тамгасынын үлгүсү (отчеттун кагаз түрүндө).»;

7) 5-глава төмөндөгү редакцияда баяндалсын:

« 5-ГЛАВА.

МФКлар боюнча базалык маалымат, филиалдары/өкүлчүлүктөрү/түзүмдүк бөлүмдөрү (кеңселери), туунду жана аффилирленген компаниялары, учурда иштеп жаткан комитеттери жөнүндө маалыматтар

9. Базалык маалымат төмөндөгү бөлүмчөлөр боюнча маалыматты камтыйт:

- МФК боюнча базалык маалымат;
- МФКнын филиалдары/өкүлчүлүктөрү жөнүндө маалымат;
- туунду жана аффилирленген компаниялар;
- учурда иш алып барып жаткан комитеттер.

9-1. МФК боюнча базалык маалымат төмөндөгү маалыматты камтыйт:

- отчет берүүчү МФКнын толук аталышы;

- МФКнын уюштуруучулук-укуктук формасы (ААК/ЖАК);
- дарек (айкын жайгашкан жана юридикалык дареги, МФКнын башкы кеңсеси жайгашкан шаар, көчөсү, үй номери, почта индекси);
- Улуттук банктын лицензиясынын, кошумча лицензияларынын берилген датасы (күнү) (хронологиялык тартипте көрсөтүлөт, №, датасы (күнү));
- Улуттук банктын лицензияларында чектөөлөрдүн белгилениши (ооба/жок);
- Улуттук банктын лицензияларында белгиленген чектөөлөрдүн тизмеги;
- тышкы аудит (акыркы тышкы аудит жүргүзүлгөн күн, аудитордук уюмдун аталышы);
- МФКнын Интернеттеги веб-сайты (сайттын дарегине шилтеме);
- расмий жарыяланган байланыш: иш телефонунун номери (шаардын/калктуу конуштун коду менен), уюлдук телефондун номери (оператордун коду менен), факс, электрондук почта;
- МФКнын персоналы (кызматкерлердин жалпы саны) штаттык бирдиги жана мөөнөттүү эмгек келишимдери боюнча кызматкерлерди көрсөтүү менен;
- уставдык капитал суммасы: жарыяланган жана айкын салынган;
- жөнөкөй акциялар (31-декабрга карата абал боюнча): номиналы, саны жана наркы;
- артыкчылыктуу акциялар (31-декабрга карата абал боюнча): номиналы, саны жана наркы.

9-2. МФКнын филиалдары/өкүлчүлүктөрү жөнүндө маалымат төмөндөгү маалыматты камтыйт:
- МФКнын филиалдарынын/өкүлчүлүктөрүнүн саны;
- МФКнын филиалдарынын/өкүлчүлүктөрүнүн аталыштары;
- МФКнын филиалдарынын/өкүлчүлүктөрүнүн даректери;
- МФКнын филиалдарынын/өкүлчүлүктөрүнүн жетекчилеринин аты-жөнү.

9-3. МФКнын ар бир туунду жана аффилирленген компаниялары боюнча төмөндөгү маалымат камтылуусу тийиш:
- туунду жана аффилирленген компаниянын аталышы;
- туунду жана аффилирленген компаниянын түзүлгөн өлкөсү;
- туунду жана аффилирленген компаниянын ишкердик түрү;
- туунду жана аффилирленген компаниядагы компаниянын (МФКнын) үлүшү пайыздык катышта;
- туунду жана аффилирленген компанияларга карата МФКнын стратегиялык пландары.

9-4. МФКнын учурда иш алып барып жаткан ар бир комитети боюнча төмөндөгү маалымат камтылуусу тийиш:
- комитеттин аталышы;
- комитеттин мүчөлөрүнүн курамы (аты-жөнү), ээлеген кызмат орду;
- МФКдагы кызмат орду;
- Улуттук банк менен макулдашуу датасы (күнү) (Көзөмөл боюнча комитеттин чечими, макулдук-каты).

Эскертүү: Башка главаларда көрсөтүлгөн маалыматтар ушул главада көрсөтүлгөн маалыматтарга ылайык келүүгө тийиш. Отчетко тиешелүү бардык башка маселелер боюнча Улуттук банк ушул главада көрсөтүлгөн маалыматты пайдаланат.».

2. Жогоруда аталган токтом менен бекитилген Микрокредиттик компаниянын жана микрокредиттик агенттиктин мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчетунун формаларын толтуруу боюнча усулдук көрсөтмөлөрүндө:

1) 1-пунктунун бешинчи абзацы төмөндөгү редакцияда берилсин:

«МКК/МКА боюнча базалык маалымат, филиалдары/өкүлчүлүктөрү/түзүмдүк бөлүмдөрү (кеңселери), туунду жана аффилирленген компаниялары, учурда иштеп жаткан комитеттери тууралуу маалыматтар»;

2) 3 - пункт төмөндөгү редакцияда берилсин:

«3. Бул бөлүк төмөнкү башкаруу органдары (же ага теңдештирилген органдар) бар МКК/МКА тарабынан, ошондой эле негизги уюштуруучулар (акционерлер) боюнча толтурулат:

- Директорлор кеңеши;
- Башкармасы;
- негизги уюштуруучулар (акционерлер);
- Шариат кеңеши.»;

3) 4-пункт төмөндөгү редакцияда берилсин:

«4. МКК/МКАнын Байкоочу органы (Директорлор кеңеши) тууралуу маалымат төмөндөгү маалыматты камтууга тийиш:

- байкоочу органдын мүчөсүнүн аты-жөнү;
- байкоочу органдын мүчөсүнүн шайланган датасы (күнү);
- байкоочу органдын мүчөсүнүн иштеген жери;
- МКК/МКАнын байкоочу органынын мүчөсүнүн ээлеген кызматы (байкоочу органдын төрагасы, төрагасынын орун басары, мүчөсү);
- байкоочу органдын мүчөсүнүн иш телефонунун номери (шаардын/калктуу конуштун коду менен), уюлдук телефонунун номери (оператордун коду менен);
- МКК/МКАнын уставдык капиталындагы байкоочу органдын мүчөсүнүн үлүшү / байкоочу органдын мүчөсүнүн башка банктык эмес финансы-кредиттик уюмдарынын акциясына ээ болгон үлүшү;
- байкоочу органдын мүчөсүнүн башка компаниялардын уставдык капиталындагы үлүшү / Байкоочу органдын мүчөсүнүн башка компанияларга ээ болгон үлүшү, компаниялардын аталышын көрсөтүү менен;
- байкоочу органдын мүчөсүнүн башка компаниялардын капиталына кирген датасы (күнү) / байкоочу органдын мүчөсүнүн башка компаниялардын акцияларынын үлүшүн сатып алган датасы (күнү);
- байкоочу органдын мүчөсүнүн кол тамгасынын үлгүсү (отчеттун кагаз түрүндө).»;

4) 5-пункт төмөндөгү редакцияда берилсин:

«5. МКК/МКАнын Аткаруу органы (Башкарма, жетекчи) тууралуу маалымат төмөндөгү маалыматты камтууга тийиш:

- аткаруу органдын мүчөсүнүн аты-жөнү;
- МКК/МКА аткаруу органынын мүчөсү дайындалган датасы (күнү);
- аткаруу органдын мүчөсүнүн талапкерлигин Улуттук банк тарабынан макулдашылган датасы (күнү) (Көзөмөл боюнча комитетинин чечими/ макулдук кат);
- аткаруу органдын мүчөсүнүн иштеген жери;
- МКК/МКАнын аткаруу органынын мүчөсүнүн ээлеген кызматы (аткаруу органдын төрагасы, төрагасынын орун басары, мүчөсү);
- аткаруу органдын мүчөсүнүн иш телефонунун номери (шаардын/калктуу конуштун коду менен), уюлдук телефонунун номери (оператордун коду менен);
- аткаруу органдын мүчөсүнүн башка компанияларда ээлеген кызматы, компаниялардын аталышын көрсөтүү менен;
- МКК/МКАнын уставдык капиталындагы аткаруу органдын мүчөсүнүн үлүшү / аткаруу органдын мүчөсүнүн башка банктык эмес финансы-кредиттик уюмдарынын акциясына ээ болгон үлүшү;
- аткаруу органдын мүчөсүнүн башка компаниялардын уставдык капиталындагы үлүшү / аткаруу органдын мүчөсүнүн башка компанияларга ээ болгон үлүшү, компаниялардын аталышын белгилөө менен;
- аткаруу органдын мүчөсүнүн башка компаниялардын капиталына кирген датасы (күнү) / аткаруу органдын мүчөсүнүн башка компаниялардын акцияларынын үлүшүн сатып алган датасы (күнү);
- ыйгарым укуктардын бөлүштүрүүсү (көзөмөлдөгөн чөйрө);
- аткаруу органдын мүчөсүнүн кол тамгасынын үлгүсү (отчеттун кагаз түрүндө).»;

5) төмөндөгү редакциядагы 5-1.-пункт менен толукталсын:

«5-1. Уюштуруучулар / катышуучулар тууралуу маалымат төмөндөгү маалыматты камтууга тийиш (ЖЧК жана Коомдук фондулар үчүн):

- уюштуруучунун (катышуучунун) аты-жөнү / аталышы (юридикалык жактар үчүн);
- Компаниянын уюштуруучусунун (катышуучусунун) уставдык капиталдагы үлүшү (пайыздык катышта):
- уюштуруучунун (катышуучунун) капиталга кирген датасы (күнү);
- уюштуруучунун (катышуучунун) келип чыккан өлкөсү (юридикалык жактар үчүн каттодон өткөн өлкөсү);
- уюштуруучунун (катышуучунун) иштеген жери / жайгашкан жери (юридикалык жактар үчүн)
- уюштуруучунун (катышуучунун) иш чөйрөсү (башка компанияларда ээлеген кызматы);
- уюштуруучунун (катышуучунун) иш телефонунун номери (шаардын/калктуу конуштун коду менен), уюлдук телефонунун номери (оператордун коду менен);
- катышуудагы үлүшү, башка банктык эмес финансы-кредиттик уюмдардын акциялары;
- акыркы бенефициар;
- уюштуруучунун (катышуучунун) жана юридикалык жак – уюштуруучунун (катышуучунун) жетекчисинин кол тамгасынын үлгүсү (отчеттун кагаз түрүндө).

Эскертүү: Бул маалымат жылдык отчетто, же чейрек ичинде өзгөрүүлөр болгон учурда чейректик отчетто тапшырылат.»;

6) 6-пункт төмөндөгү редакцияда берилсин:

«6. МККнын 1%дан көп акцияларына ээ болгон акционерлер тууралуу маалымат төмөндөгү маалыматты камтууга тийиш:

- акционердин аты-жөнү / аталышы (юридикалык жак – акционерлер үчүн);
- ар бир акционердин үлүшү пайыздык катышта;
- акцияларды сатып алган датасы (күнү);
- акционердин келип чыккан өлкөсү (юридикалык жактар үчүн каттодон өткөн өлкөсү);
- акционердин иштеген жери / юридикалык адреси (юридикалык жак – акционерлер үчүн);
- акционердин иштеген чөйрөсү (башка компанияларда ээлеген кызматы);
- акционердин иш телефонунун номери (шаардын/калктуу конуштун коду менен), уюлдук телефонунун номери (оператордун коду менен);
- башка финансы-кредиттик уюмдардагы акциялары (жергиликтүү же чет өлкөлүк финансы-кредиттик уюм жана ээ болгон үлүшү);
- акыркы бенефициар;
- акционердин жана юридикалык жак-акционердин жетекчисинин кол тамгасынын үлгүсү (отчеттун кагаз түрүндө).

Эскертүү: Бул маалымат жылдык отчетто, же чейрек ичинде өзгөрүүлөр болгон учурда чейректик отчетто тапшырылат.»;

7) 6-1.-пункт төмөндөгү редакцияда берилсин:

«6-1. МКК/МКАнын Шариат кеңешинин мүчөсү тууралуу маалыматта төмөндөгү маалымат болууга тийиш:

- Шариат кеңешинин мүчөсүнүн аты-жөнү;
- Шариат кеңешинин мүчөсүнүн шайланган датасы (күнү);
- Шариат кеңешинин мүчөсүнүн талапкерлигин Улуттук банк тарабынан макулдашылган датасы (күнү) (Көзөмөл боюнча комитетинин чечими/ макулдук кат);
- Шариат кеңешинин мүчөсүнүн иштеген жери;
- Шариат кеңешинде ээлеген кызматы (Шариат кеңешинин төрагасы, төрагасынын орун басары, мүчөсү);

- Шариат кеңешинин мүчөсүнүн иш телефонунун номери (шаардын/калктуу конуштун коду менен), уюлдук телефонунун номери (оператордун коду менен);

- Шариат кеңешинин мүчөсүнүн башка компанияларда ээлеген кызматы, компаниялардын аталышы;

- уставдык капиталындагы Шариат кеңешинин мүчөсүнүн үлүшү / Шариат кеңешинин мүчөсүнүн башка банктык эмес финансы-кредиттик уюмдарынын акциясына ээ болгон үлүшү;

- Шариат кеңешинин мүчөсүнүн башка компаниялардын уставдык капиталындагы үлүшү / Шариат кеңешинин мүчөсүнүн башка компаниялардын акцияларына ээ болгон үлүшү, компаниялардын аталышын көрсөтүү менен;

- Шариат кеңешинин мүчөсүнүн башка компаниялардын капиталына кирген датасы (күнү) / Шариат кеңешинин мүчөсүнүн башка компаниялардын акцияларынын үлүшүн сатып алган датасы (күнү);

- Шариат кеңешинин мүчөсүнүн кол тамгасынын үлгүсү (отчеттун кагаз түрүндө).»;

8) 7-пункт төмөндөгү редакцияда берилсин:

«7. МКАнын айрым кызмат адамдары жөнүндө маалыматта төмөнкүдөй айрым кызмат адамдарынын (же аларга теңдештирилген кызмат ордун ээлеген адамдардын) тизмеги камтылат:

- Башкы бухгалтер;
- Ички аудитор;
- Тобокелдик-менеджери;
- Комплаенс-офицер;
- Кредиттик ишке жооптуу түзүмдүк бөлүмдүн жетекчиси;
- Активдерди жана пассивдерди тескөөгө жооптуу түзүмдүк бөлүмдүн жетекчиси (же функционалдык милдеттенмелери боюнча ага тең адам);
- Ислам принциптери боюнча каржылоого жооптуу түзүмдүк бөлүмдүн жетекчиси;
- «Ислам терезесинин» жетекчиси.»;

9) 8-пункт төмөндөгү редакцияда берилсин:

«8. Ар бир кызмат адамы боюнча төмөнкү маалымат көрсөтүлүүгө тийиш:

- кызмат адамынын аты-жөнү;
- талапкерлиги Улуттук банк тарабынан милдеттүү түрдө макулдашууга тийиштүү кызмат адамдары үчүн Улуттук банк тарабынан макулдашылган датасы (күнү) (Көзөмөл боюнча комитеттин чечими / макулдук кат);
- кызмат адамына отчет берүүчү кызматкерлердин саны;
- кызмат адамынын иш телефонунун номери (шаардын/калктуу конуштун коду менен), уюлдук телефонунун номери (оператордун коду менен);
- кызмат адамынын кол тамгасынын үлгүсү (отчеттун кагаз түрүндө).»;

10) 5-глава төмөндөгү редакцияда баяндалсын:

« 5-ГЛАВА.

МКК/МКА боюнча базалык маалымат, филиалдары/өкүлчүлүктөрү/түзүмдүк бөлүмдөрү (кеңселери), туунду жана аффилирленген компаниялары, учурда иштеп жаткан комитеттери жөнүндө маалыматтар

9. Базалык маалымат төмөндөгү бөлүмчөлөр боюнча маалыматты камтыйт:

- МКК/МКА боюнча базалык маалымат;
- МКК/МКАнын филиалдары/өкүлчүлүктөрү/түзүмдүк бөлүмдөрү (кеңселери) жөнүндө маалымат;
- МКК/МКАнын туунду жана аффилирленген компаниялары жөнүндө маалымат;
- МКК/МКАнын учурда иш алып барып жаткан комитеттери.

9-1. МКК / МКА боюнча базалык маалымат төмөндөгү маалыматты камтыйт:

- отчет берүүчү МКК/МКАнын толук аталышы;
- МКК / МКАнын уюштуруучулук-укуктук формасы;

- дарек (айкын жайгашкан жана юридикалык дареги, МКК / МКАнын башкы кеңсеси жайгашкан шаар, көчөсү, үй номери, почта индекси);

- Улуттук банктын күбөлүгүнүн, кошумча лицензияларынын берилген датасы (күнү) (хронологиялык тартипте көрсөтүлөт, №, дата (күнү));

- Улуттук банктын лицензияларындагы жана/же МКК / МКА ишинде чектөөлөрдүн белгилениши (ооба/жок);

- Улуттук банктын лицензияларындагы жана/же МКК / МКА ишинде белгиленген чектөөлөрдүн тизмеги;

- тышкы аудит (акыркы тышкы аудит жүргүзүлгөн күн, аудитордук уюмдун аталышы);

- МКК / МКАнын Интернеттеги веб-сайты (сайттын дарегине шилтеме);

- расмий жарыяланган байланыш: иш телефонунун номери (шаардын/калктуу конуштун коду менен), уюлдук телефондун номери (оператордун коду менен), факс, электрондук почта;

- МКК / МКАнын персоналы (кызматкерлердин жалпы саны) штаттык бирдиги жана мөөнөттүү эмгек келишимдери боюнча кызматкерлерди көрсөтүү менен;

9-2. МКК / МКАнын филиалдары / өкүлчүлүктөрү / түзүмдүк бөлүмдөрү (кеңселери) жөнүндө маалымат төмөндөгү маалыматты камтыйт:

- МКК / МКАнын филиалдарынын / өкүлчүлүктөрүнүн / түзүмдүк бөлүмдөрүнүн (кеңселеринин) саны;

- МКК / МКАнын филиалдарынын / өкүлчүлүктөрүнүн / түзүмдүк бөлүмдөрүнүн (кеңселеринин) аталыштары;

- МКК / МКАнын филиалдарынын / өкүлчүлүктөрүнүн / түзүмдүк бөлүмдөрүнүн (кеңселеринин) даректери;

- МКК / МКАнын филиалдарынын / өкүлчүлүктөрүнүн / түзүмдүк бөлүмдөрүнүн (кеңселеринин) жетекчилеринин аты-жөнү.

9-3. МКК / МКАнын ар бир туунду жана аффилирленген компаниялары боюнча төмөндөгү маалымат камтылуусу тийиш:

- туунду жана аффилирленген компаниянын аталышы;

- туунду жана аффилирленген компаниянын түзүлгөн өлкөсү;

- туунду жана аффилирленген компаниянын ишкердик түрү;

- туунду жана аффилирленген компаниядагы компаниянын (МКК / МКАнын) үлүшү пайыздык катышта;

- туунду жана аффилирленген компанияларга карата МКК / МКАнын стратегиялык пландары.

9-4. МКК / МКАнын учурда иш алып барып жаткан ар бир комитети боюнча төмөндөгү маалымат камтылуусу тийиш:

- комитеттин аталышы;

- комитеттин мүчөлөрүнүн курамы (аты-жөнү), комитеттеги ээлеген кызмат орду;

- МКК / МКАдагы кызмат орду;

- Улуттук банк менен макулдашуу датасы (күнү) (Көзөмөл боюнча комитеттин чечими, макулдук-каты).

Эскертүү: Башка главаларда көрсөтүлгөн маалыматтар ушул главада көрсөтүлгөн маалыматтарга ылайык келүүгө тийиш. Отчетко тиешелүү бардык башка маселелер боюнча Улуттук банк ушул главада көрсөтүлгөн маалыматты пайдаланат.».

3. Кредиттик союздун мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчет формаларын толтуруу боюнча усулдук көрсөтмөлөрүндө:

1) усулдук көрсөтмөлөрүнүн бүтүндөй тексти боюнча «жогорку оң бурчунда кредиттик союздун коду жана отчет түзүлгөн күн чагылдырылат» деген сөздөр жокко чыгарылсын;

2) 1-пункт төмөндөгү маанидеги тогузунчу абзац менен толукталсын:

«- 9-бөлүк КСтин кызмат кызмат адамдары жөнүндө маалымат. КС жөнүндө базалык маалымат.»;

3) 3-пункт төмөндөгү маанидеги тогузунчу пунктча менен жана эскертүү менен толуктaлсын:

«9) 9-бөлүк. «КСтин кызмат кызмат адамдары жөнүндө маалымат. КС жөнүндө базалык маалымат.

Эскертүү: Аманат (депозит) операцияларын жана ислам принциптерине ылайык каржылоону көрсөткөн бөлүмдөр аманат (депозит) операцияларын жана ислам принциптерине ылайык каржылоо боюнча иш алып барган учурда берилет.»;

4) 4-пунктунун үчүнчү абзацы күчүн жоготкон катары таанылсын;

5) Таблицада:

- «1-1-бөлүгү Финансылык абал жөнүндө регулятивдик отчет – Активдер» төмөндөгү маанидеги 15-4.-сап менен толуктaлсын;

«

| | | |
|---|---|---|
| 15.4 | г) «КСКК» ААКга инвестиция | «КСКК» ААКнын капиталына инвестиция |

»;

6) Таблицанын «7-бөлүгүнүн Г. Сактык пайларынын жана кредиттин өлчөмдөрү боюнча маалыматтар» 7.4-сабы төмөндөгү редакцияда берилсин:

«Отчеттук мезгилдин сактык пайдын жана акырына карата кредиттин минималдуу жана максималдуу өлчөмү боюнча маалымат»;

7) таблица төмөндөгү маанидеги 9-бөлүк менен толуктaлсын:

«

| | | | |
|---|---|---|---|
| 9. | 9-бөлүк А «КС Байкоо кеңешинин, Башкармасынын мүчөлөрү, катышуучулар (пай ээлери) жана Шариат кеңешинин мүчөлөрү жөнүндө маалымат» | | |
| 1 | Байкоо кеңеши жөнүндө маалымат (эгерде бар болсо) | «Байкоо кеңеши жөнүндө маалымат (эгерде бар болсо)» төмөнкү маалымат көрсөтүлүүгө тийиш:<br>- байкоочу кеңешинин мүчөсүнүн аты-жөнү;<br>- байкоочу кеңешинин мүчөсүнүн шайланган датасы (күнү);<br>- байкоочу кеңешинин мүчөсүнүн талапкерлигин Улуттук банк тарабынан макулдашылган датасы (күнү);<br>- байкоочу кеңешинин мүчөсүнүн иштеген жери;<br>- КСтин байкоочу кеңешинин мүчөсүнүн ээлеген кызматы (байкоочу кеңешинин төрагасы, төрагасынын орун басары, мүчөсү);<br>- байкоочу кеңешинин мүчөсүнүн иш телефонунун номери (шаардын/калктуу конуштун коду менен), уюлдук телефонунун номери (оператордун коду менен);<br>- КСтин үлүштүк капиталындагы байкоочу кеңешинин мүчөсүнүн үлүшү;<br>- байкоочу кеңешинин мүчөсүнүн башка компаниялардын уставдык капиталындагы үлүшү / байкоочу кеңешинин мүчөсүнүн башка компанияларга ээ болгон үлүшү, компаниялардын аталышын көрсөтүү менен;<br>- байкоочу кеңешинин мүчөсүнүн башка компаниялардын капиталына кирген датасы (күнү) / байкоочу кеңешинин мүчөсүнүн башка | Бул форма кредиттик союздун мөөрү менен бекитилип, кредиттик союздун Башкармасынын төрагасынын жана бухгалтеринин кол тамгасы менен тастыкталууга тийиш. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | компаниялардын акцияларынын үлүшүн сатып алган датасы (күнү);<br>- байкоочу кеңешинин мүчөсүнүн кол тамгасынын үлгүсү (отчеттун кагаз түрүндө).»; | |
| 2 | Аткаруу органы (башкармасы, жетекчи) жөнүндө маалымат | «КСтин аткаруу органы (башкармасы, жетекчи) жөнүндө маалымат» төмөнкү маалымат көрсөтүлүүгө тийиш:<br>- аткаруу органынын мүчөсүнүн аты-жөнү;<br>- Башкарманын төрагасынын, төрагасынын орун басарынын же жетекчинин милдеттерин аткаруу кызматтарына дайындалган датасы (күнү);<br>- аткаруу органынын мүчөсүнүн талапкерлигин Улуттук банк тарабынан макулдашылган датасы (күнү);<br>- аткаруу органынын мүчөсүнүн иштеген жери;<br>- КСтин аткаруу органынын мүчөсүнүн ээлеген кызматы;<br>- аткаруу органынын мүчөсүнүн иш телефонунун номери (шаардын/калктуу конуштун коду менен), уюлдук телефонунун номери (оператордун коду менен);<br>- аткаруу органынын мүчөсүнүн башка компанияларда ээлеген кызматы компаниялардын аталышын көрсөтүү менен;<br>- КСтин үлүштүк капиталындагы аткаруу кеңешинин мүчөсүнүн үлүшү;<br>- аткаруу органынын мүчөсүнүн башка компаниялардын уставдык капиталындагы үлүшү / аткаруу органынын мүчөсүнүн башка компанияларга ээ болгон үлүшү, компаниялардын аталышын көрсөтүү менен;<br>- аткаруу органынын мүчөсүнүн башка компаниялардын капиталына кирген датасы (күнү) / аткаруу органынын мүчөсүнүн башка компаниялардын акцияларынын үлүшүн сатып алган датасы (күнү);<br>- ыйгарым укуктардын бөлүштүрүүсү (көзөмөлдөгөн чөйрө);<br>- аткаруу органынын мүчөсүнүн кол тамгасынын үлгүсү (отчеттун кагаз түрүндө).»; | |
| 3 | 5% ашык ээлик кылган катышуучулар (пай салуучулар) жөнүндө маалымат | «5% ашык ээлик кылган катышуучулар (пай салуучулар) жөнүндө маалымат» төмөнкү маалымат көрсөтүлүүгө тийиш:<br>- катышуучулардын (пай салуучулардын) аты-жөнү;<br>- КСтин үлүштүк капиталындагы катышуучулардын (пай салуучулардын) үлүшү пайыздык катышта;<br>- КСтин үлүштүк капиталына кирген датасы (күнү);<br>- катышуучулардын (пай салуучулардын) иштеген жери; | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | - иштеген чөйрөсү (башка компанияларда ээлеген кызматы);<br>- катышуучулардын (пай салуучулардын) иштелефонунун номери (шаардын/калктуу конуштун коду менен), уюлдук телефонунун номери (оператордун коду менен);<br>- башка финансы-кредиттик уюмдардагы акциялары, үлүшү;<br>- акыркы бенефициар;<br>- катышуучулардын (пай салуучулардын) кол тамгасынын үлгүсү (отчеттун кагаз түрүндө).»; | |
| 4 | Шариат кеңешинин мүчөлөрү жөнүндө маалымат | «Шариат кеңешинин мүчөлөрү жөнүндө маалымат» төмөнкү маалымат көрсөтүлүүгө тийиш:<br>- Шариат кеңешинин мүчөсүнүн аты-жөнү;<br>- Шариат кеңешинин мүчөсүнүн шайланган датасы (күнү);<br>- Шариат кеңешинин мүчөсүнүн талапкерлигин Улуттук банк тарабынан макулдашылган датасы (күнү);<br>- Шариат кеңешинин мүчөсүнүн иштеген жери;<br>- КСтин Шариат кеңешинде ээлеген кызматы (Шариат кеңешинин төрагасы, төрагасынын орун басары, мүчөсү);<br>- Шариат кеңешинин мүчөсүнүн иш телефонунун номери (шаардын/калктуу конуштун коду менен), уюлдук телефонунун номери (оператордун коду менен);<br>- Шариат кеңешинин мүчөсүнүн башка компанияларда ээлеген кызматы, компаниялардын аталышы;<br>- КСтин уюлуштук капиталындагы Шариат кеңешинин мүчөсүнүн үлүшү;<br>- Шариат кеңешинин мүчөсүнүн башка компаниялардын уставдык капиталындагы үлүшү / Шариат кеңешинин мүчөсүнүн башка компанияларга ээ болгон үлүшү, компаниялардын аталышын көрсөтүү менен;<br>- Шариат кеңешинин мүчөсүнүн башка компаниялардын капиталына кирген датасы (күнү) / Шариат кеңешинин мүчөсүнүн башка компаниялардын акцияларынын үлүшүн сатып алган датасы (күнү);<br>- Шариат кеңешинин мүчөсүнүн кол тамгасынын үлгүсү (отчеттун кагаз түрүндө).». | |
| 9-бөлүк. Б. «КСтин айрым кызмат адамдары жөнүндө маалымат» | | | |
| 1 | КСтин айрым кызмат адамдары жөнүндө маалымат | «КСтин айрым кызмат адамдары жөнүндө маалымат» төмөнкү маалымат көрсөтүлүүгө тийиш:<br>- Ички аудитор/ ревизия комиссиянын мүчөлөрү;<br>- Тобокелдик-менеджери; | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | - Комплаенс-офицер;<br>- Кредиттик иш үчүн жооптуу түзүмдүк бөлүмдүн жетекчиси;<br>- Активдерди жана пассивдерди тескөө үчүн жооптуу түзүмдүк бөлүмдүн жетекчиси (же функционалдык милдеттери боюнча ага тең адам);<br>- Башкы бухгалтер;<br>- Ислам принциптери боюнча каржылоо үчүн жооптуу түзүмдүк бөлүмдүн жетекчиси;<br>- «Ислам терезесинин» жетекчиси.<br>Ар бир кызмат адамы боюнча төмөнкү маалымат көрсөтүлүүгө тийиш:<br>- кызмат адамынын аты-жөнү;<br>- талапкерлиги Улуттук банк тарабынан милдеттүү түрдө макулдашууга тийиштүү кызмат адамдары үчүн Улуттук банк тарабынан макулдашылган датасы (күнү) (Көзөмөл боюнча комитеттин чечими / макулдук кат);<br>- кызмат адамына отчет берүүчү кызматкерлердин саны;<br>- кызмат адамынын иш телефонунун номери (шаардын/калктуу конуштун коду менен), уюлдук телефонунун номери (оператордун коду менен);<br>- кызмат адамынын кол тамгасынын үлгүсү (отчеттун кагаз түрүндө).». | |
| 9-бөлүк. В. «КС тууралуу, туунду жана аффилирленген компаниялары тууралуу, комитеттери жана филиалдары тууралуу базалык маалымат» | | | |
| 1 | Кредиттик союз боюнча базалык маалымат | «Кредиттик союз боюнча базалык маалымат» төмөнкү маалыматты камтууга тийиш:<br>- отчет берүүчү КСтин толук аталышы;<br>- КСтин уюштуруучулук-укуктук формасы;<br>- дарек (айкын жайгашкан жана юридикалык дареги, КСтин башкы кеңсеси жайгашкан шаар, көчөсү, үй номери, почта индекси);<br>- Улуттук банктын лицензиясынын, кошумча лицензияларынын берилген датасы (күнү) (хронологиялык тартипте көрсөтүлөт, №, дата (күнү));<br>- Улуттук банктын лицензияларында чектөөлөрдүн белгилениши (ооба/жок);<br>- Улуттук банктын лицензияларында белгиленген чектөөлөрдүн тизмеги;<br>- МКК / МКАнын Интернеттеги веб-сайты (сайттын дарегине шилтеме);<br>- расмий жарыяланган байланыш: иш телефонунун номери (шаардын/калктуу конуштун коду менен), уюлдук телефондун номери (оператордун коду менен), факс, электрондук почта;<br>- КСтин персоналы (кызматкерлердин жалпы саны) штаттык бирдиги жана мөөнөттүү эмгек | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | келишимдери боюнча кызматкерлерди көрсөтүү менен. | |
| 2 | Филиалдар жөнүндө маалымат | «Филиалдар жөнүндө маалымат» төмөнкү маалыматты камтууга тийиш:<br>- КСтин филиалдарынын аталыштары;<br>- КСтин филиалдарынын даректери;<br>- КСтин филиалдарынын жетекчилеринин аты-жөнү. | |
| 3 | Туунду жана аффилирленген компаниялар | «Ар бир туунду жана аффилирленген компаниялар боюнча маалымат төмөнкү маалымат көрсөтүлүүгө тийиш:<br>- туунду жана аффилирленген компаниянын аталышы;<br>- туунду жана аффилирленген компаниянын түзүлгөн өлкөсү;<br>- туунду жана аффилирленген компаниянын ишкердик түрү;<br>- туунду жана аффилирленген компаниядагы компаниянын (КСтин) үлүшү пайыздык катышта;<br>- туунду жана аффилирленген компаниядагы башка катышуучуларыдын/акционерлердин үлүшү жана алардын аталышы (аты-жөнү);<br>- туунду жана аффилирленген компанияларга карата КСтин стратегиялык пландары». | |
| 4 | Иштеп жаткан комитеттер | «Ар бир иштеп жаткан комитеттер боюнча маалымат» төмөнкү маалыматты камтууга тийиш:<br>- комитеттин аталышы;<br>- комитеттин мүчөлөрүнүн курамы (аты-жөнү), комитеттеги ээлеген кызмат орду;<br>- КСте ээлеген кызматы;<br>- Улуттук банк менен макулдашуу датасы (күнү) | |

»;

8) 12- пункт төмөндөгү редакцияда берилсин:

«Бардык отчет формасы кредиттик союздун мөөрү менен бекитилип, кредиттик союздун Башкармасынын төрагасынын жана бухгалтеринин кол тамгасы менен тастыкталууга тийиш.».